

№31 мектеп-гимназиясы

# Кыргыз тили

## Тема: Эмне кылат? деген суроого жооп берген сөздөр

## 2-к класс



Башталгыч класстар мугалими:
Жоробаева Э.К.

# Уюштуруу мезгили

Балдар, кана айткылачы,
Азыр эмне угулду? …



Демек, эмне башталат? …
Кандай сабак экенин
Айткылачы үн катпай? ...




Эми мага көрсөткүлө.
Маанайыңар кандайын? ...



Анда эмесе баарыңар,
Көңүл буруп, отургула.

Бүгүнку сабак кызыктуу
Болоруна ишенем.
Баарыңарга каaларым
Жалаң 5, 4 алгыла!



# Сабак учурундагы адеп

1. Бирөө сүйлөп жатканда сөзүн бузба.
2. Жооп берип жаткан балага тоскоол болбо жана кулак сал.
3. Кол көтөрүп жооп бер.
4. Коллектив менен чогуу иште.



# Билсең – айт,
# Билбесең – ук,
# Тапшырманы так аткар!





# Тест



- Бүгүнкү сабак кандай болсо деп ойлойсуңар?
  1. кызыктуу
  2. көңүлдүү
  3. кандай болсо боло берсин

- Сабакка катышып отурган кызыктуубу же угуп же жазып отурган кызыктуубу?
  1. катышып
  2. угуп же жазып
  3. жакпайт

- Бул сабактан эмнелерди үйрөнгүңөр келет?
  1. билбеген нерселерди
  2. туура жана сулуу жазганды
  3. баарын билем

# Үй тапшырманы кайталоо



- ***Биз мурдагы сабакта кайсы тема менен таанышканбыз?***
- ***Заттын кыймыл-аракетин билдирген сөздөргө кайсы суроолор берилет?***
- ***Эмне кылып жатат? деген суроо кыймыл-аракеттин качан болуп жатканын билдирет?***
- ***Кайсы сөздөргө берилет?***
- ***Эмне кылды? деген суроо кыймыл-аракеттин качан болгонун билдирет?***
- ***Кайсы сөздөргө берилет?***

# Сүрөт менен иштөө



- Суу эмне кылып жатат?
- Суу агып жатат.
- Суу эмне кылды?
- Суу акты.
- Суу эмне кылат?
- Суу агат.



# Жаңы теманы тааныштыруу





**Эмне кылат?** деген суроого жооп берген сөздөр кыймыл-аракеттин алдыда боло тургандыгын билдирет.


**Мисалы:**

келет, турат, жейт, барат, алат, басат, сатат ж.б.



- Автобус эмне кылат?

- Автобус жүрөт.




- Чымчык эмне кылат?

- Чымчык сайрайт.







***Канат, Карина, Кара-Суу, Кант, калпак, кыргыз, кымыз, көмүр.***



# Китеп менен иштөө


**242- көнүгүү оозеки иштөө**

**243- көнүгүү жазып иштөө**


**244- көнүгүү оозеки иштөө**



# Топ менен иштөө

1. 

эмне кылат?

2. 


эмне кылат?


3. 

эмне кылат?



## Чекиттин ордуна эмне кылат? деген суроого жооп берген сөздү жазгыла.

1.  Поезд жүрөт.

2.  Самолёт учат.

3.  Жамгыр жаайт.



# Топ менен иштөө

**1-катар**
Эмне кылып жатат?

**2-катар**
Эмне кылды?

**3-катар**
Эмне кылат?







# Өзүңдү текшер!

1. Кайсы сөз эмне кылат? деген суроого жооп берет?

- ○ сүйлөп жатат
- ○ чуркады
- ✓ бышырат



# Өзүңдү текшер!

## 2. Кайсы сөз эмне кылып жатат? деген суроого жооп берет?

- айдайт
- ✓ тартып жатат
- кыйкырды



# Өзүңдү текшер!

3. Кайсы сөз эмне кылды? деген суроого жооп берет?

- ✓ кубанды
- карайт
- кайнап жатат



# Үй тапшырма

## 245- көнүгүү   114-бет



# Көңүл бурганыңар
# үчүн
# чоң ырахмат!

